**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**
**ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЫЛАЙ-ТАЛАА**

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги XVI сессиясынын жыйынынын

# ТОКТОМУ

2024-жылдын 21 - февралы, № 16/6

Ылай-Талаа айылы.

**Ылай-Талаа айыл аймагынын Ылай-Талаа айылындагы Кызыл-Аңгел участкасына сугат суу чыгарууга ПСД даярдоо үчүн айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен өздүк салымын карап берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин жана Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин Регламентинин 1-бөлүгүнүн 2-главасынын 2.2-пунктуна -"Айылдык кеңештин компетенциясы жөнүндө" беренесинин, "Жергиликтүү бюджетти жана аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү, бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана бюджеттен тышкаркы фонддордун пайдаланылышы жөнүндөгү" Мыйзамынын 32-беренесинин 2 - "Тиешелүү аймактын социалдык-маданий инфраструктурасын өнүктүрүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин чыңдоо боюнча кеңешке сунуштарды киргизүү жөнүндөгү" бөлүмчөлөрүн жетекчиликке алып Ылай-Талаа айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагынын Ылай-Талаа айылындагы Кызыл-Аңгел участкасына сугат суу чыгарууга ПСД даярдоо үчүн Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн 2024-жылга каралган бюджетинин эсебинен **150 000 (бир жүз элүү миң)** сом акча каражатын өздүк салымдан төлөп берүү жагы Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы О.Мамасали кызына милдеттендирилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Кадамбаева) тапшырылсын.

**Төрага** **Н.Айтбаев**